**БАТКЕН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ПЕДАГОГИКА ЖАНА КОММУНИКАЦИЯЛАР КОЛЛЕДЖИ ЖАНА ЛЕЙЛЕК РАЙОНДУК БИЛИМ БЕРҮҮ БӨЛҮМҮНҮН ӨЗ АРА КЫЗМАТТАШУУСУ ЖӨНҮНДӨ**

**КЕЛИШИМ №1**

**Сүлүктү шаары** «16» 10 2025

Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 11-августунда кабыл алынган №179 "Билим берүү жөнүндө" мыйзамынын 34-беренесинин, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 12-июлунда кабыл алынган №383 токтомунун негизинде бекитилген "Кыргыз Республикасынын кесиптик билим берүүнүн билим берүү уюмдарында жумуш ордунда окутуу жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" жана Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигинин 2025-жылдын 10-сентябрындагы 03-3/3384 каты менен чыгышталган тапшырмасын аткарууга алып, биринчи тарап Баткен мамлекеттик университетинин Педагогика жана коммуникациялар колледжинин директору Руслан Мажитович Жайнаковдун жана экинчи тарап Лейлек райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы Улукбек Жеенмуратов Имматович тарабынан (мындар ары - тараптар) төмөндөгүлөр жөнүндө жана билим чөйрөсүндөгү кесилишкен багыттар боюнча өз ара кызматташуу максатында ушул келишимди түзүштү:

## I. КЕЛИШИМ ПРЕДМЕТИ

1.1. Лейлек райондук билим берүү бөлүмүнө караштуу жалпы билим берүү мекемелеринен жана бала-бакчаларынан Баткен мамлекеттик университетинин (мындан ары – БатМУ ПжКК) Педагогика жана коммуникациялар колледжи сунуштаган (мындан ары – БатМУ ПжКК) окуу графигине ылайык окуу таанышуу, диплом алдындагы мамлекеттик практикасын жана педагогикалык практикасын ийкемдүү окуу графиги боюнча дуалдык негизде окуу жараянын ишке ашыруу максатында студенттердин практикасын өтөөсү жөнүндө;

1.2. Практикант студенттердин Лейлек райондук жалпы билим берүү мекемелеринен жана бала-бакчаларынан практикалардын бардык түрлөрүн акысыз (кошумча акы төлөөсүз) өткөрүү жөнүндө;

1.3. Практикант студенттердин Лейлек районунун жалпы билим берүү мекемелеринен жана бала-бакчаларынан практикаларын эки тараптуу усулдук көмөктөшүү жөнүндө.

## II. ТАРАПТАРДЫН МИЛДЕТТЕРИ ЖАНА УКУКТАРЫ

**БатМУ ПжКК милдеттери:**

2.1. Дуалдык негизде өткөрүлүүчү практиканын мөөнөтүнүн ийкемдүү, ал эми калган практикалардын туруктуу окуу графигин Лейлек районунун билим берүү бөлүмүнө билдирүү;

2.2. Практикант-студенттерди жетектөөчү усулчулар менен биргеликте жалпы билим берүү мекемелерине жана бала-бакчаларына алып баруу;

2.3. Жалпы орто билим берүү мекемелериндеги жана бала-бакчалардагы ар кандай иш-чараларга катышууга;

2.4. Усулчулары менен кабинеттерди жасалгалоо иштерине жардам берүүгө;

2.5. БатМУ ПжККнын өтүлүүчү илимий-теориялык конференциясына жалпы орто билим берүү мекемелеринин жана бала-бакчаларынын тажрыйбалуу тарбиячыларын, мугалимдерин тартууга.

2.6. Студент-практиканттын жыйынтыгын мектептерден жана бала-бакчалардан окул чакыруу менен конференциянын жыйынында кароого;

2.7. Эки тараптуу окуу – усулдук кеңешменин педагогикалык билимди өркүндөтүүдөгү байланышын камсыздоого;

2.8. Практиканттарды тиешелүү окуу-усулдук колдонмолор, практика боюнча куболуктөрү ж.б. менен камсыздоого;
2.9. Тиешелүү жараяндарды сактоо менен бекитилген окуу планынын графигин кармануута;
2.10. Окуу жайдын жоюлушу/реорганизацияга туш болуп расмий аталышынын өзгөрүүсү жана дуалдык окутууга тиешелүү маселелер боюнча маалыматтарды ыкчамдык менен алмашууга;
2.11. Окуу жайдан бекитилген практика жетекчилеринин практиканттын сабактарына катышууга жана ар тараптуу көмөктөшүүгө;
2.12. БатМУ ПжКК Педагогикалык кеңешмеси тарабынан жактырылган дуалдык практиканы өтөө жөнүндөгү жобону кармануута.

**БатМУ ПжКК укуктары:**

2.13. Окуу жайдын жоюлушу/реорганизацияга туш болгондон кийинки жаралган маселелерди жол жоболоштуруу жөнүндө Лейлек районунун билим берүү бөлүмүнө кайрылууга;
2.14. Билим берүүгө тиешелүү ченемдик-укуктук актылар менен практиканттарды тааныштыруу жана түшүндүрүү иштерин жүргүзүүнү суроого;
2.15. Дуалдык окутуудан өтүүчү практикант студенттердин тизмесин өз алдынча аныктоого жана сөз болуп жаткан формада практикадан өтүүсү жөнүндө буйрук чыгарууга.

**Лейлек райондук билим берүү бөлүмүнүн милдеттери:**

2.16. БатМУ ПжКК студенттеринин практикаларын түрлөрү боюнча жана ийкемдүү окуу графиги боюнча дуалдык окуу жараянын ишке ашыруу максатында Лейлек районунун жалпы орто билим берүү мекемелеринде жана бала-бакчаларында өткөрүүгө;
2.17. Жалпы орто билим берүү мекемелеринин жана бала-бакчаларынын материалдык техникалык базасын пайдаланууга уруксат берүүгө;
2.18. Жалпы орто билим берүү мекемелеринин китепканаларынан жана предметтик кабинеттеринен, спорт зал жана бала-бакчаларынын тайпаларынын китептеринен пайдаланууга шарт түзүүгө;
2.19. Жалпы орто билим берүү мекемелеринде жана бала-бакчаларда усулдук жардам берүүгө;
2.20. Усулдук жардам берүүгө алдыңкы тажрыйбалуу мугалимдерди жана тарбиячыларды бөлүп берүүгө;
2.21. Жалпы орто билим берүү мекемелеринин жана бала-бакчалардын жамаатынын окуу-усулдук тажрыйбалык, уюштуруучулук иштерине активдүү катышуусуна шарт түзүүгө;
2.22. Жалпы орто билим берүү мекемелеринин жана бала-бакчаларынын педагогикалык иш-кагаздарын үйрөтүүгө;
2.23. Бекитилген мугалимдер жана тарбиячылар студент практиканттарга тарбиялык иштерди үйрөтүүгө;
2.24. Практиканттар үчүн керектүү шарттарды түзүп берүүгө;
2.25.Практиканттардын жалпы орто билим берүү мекемелеринин жана бала-бакчаларынын ички тартиби жана Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” мыйзамы менен тааныштырууга;
2.26. Практика учурунда практиканттарга жалпы орто билим берүү мекемелериндеги жана бала-бакчалардагы балдарды кароого узак убакытка жалгыз таштабоого;
2.27. БатМУ ПжКК ийгиликтүү аяктаган бүтүрүүчүлөрүн жалпы орто билим берүү мекемелерине жана балдар бакчаларына вакантдык орундарга жумушка кабыл алууга;
2.28. Мамлекеттик бюджетинин эсебинен окуган бүтүрүүчүлөргө вакантдык орундарга жумушка кабыл алууда артыкчылык берүүгө.

**Лейлек районунун билим берүү бөлүмүнүн укуктары:**

2.29. Практиканттардын сабака өз убагында келүүсүн талап кылууга;
2.30. Практиканттардын практиканы өтөөсүн көзөмөлдөөгө;
2.31.Жалпы орто билим берүү мекемелериндеги жана бала-бакчалардагы уставдык эрежелердин сакталуусун практиканттардан талап кылууга;

2.32. Жалпы орто билим берүү мекемелериндеги билим алуучуларга жана бала-бакчаларындагы тарбияланууучуларга карата орой мамиле кылуусуна тыю салууга, андай чектен чыккан фактылар катталган учурларда БатМУ ПжКК дирекциясына билдирүүгө.

## III. КЕЛИШИМДИН МӨӨНӨТҮ ЖАНА ӨЗГӨРТҮҮ, ТОЛУКТООЛОРДУ КИРГИЗҮҮ ТАРТИБИ

3.1. Ушул келишим тараптар кол койгон күндөн тартып күчүнө кирет жана өзгөртүүлөр, толуктоолор киргизилген жаңы редакциядагы келишимге кол коюлганча колдонулат;

3.2. Келишим эки нускада түзүлдү жана тараптарда бир нускадан сакталат;

3.3. Келишимге тараптардын бирөө каалаган мезгилде өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү демилгесин көтөрүп чыгууга укуктуу;

3.4. Келишимге өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тараптардын өз ара оозеки сүйлөшүүлөрү аркылуу макулдашылат;

3.5. Тараптар дуалдык окутууга тиешелүү Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларын кармануuга милдеттүү.

## IV. ТАРАПТАРДЫН ЮРИДИКАЛЫК ДАРЕКТЕРИ

**БатМУ ПжКК**

Г. Марипов №44
Телефон: 5-02-87
e-mail: kolledj-batgu@mail.ru
БатМУ ПжКК директору

Р.М. Жапаков

Колу

М.О. «16» 10 2025-ж.

**Лейлек районунун билим берүү бөлүмү**

Кошмуратов №8
телефон:5-01-53

Лейлек райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы
У.И. Кошмуратов

«16» 10 2025-ж.